# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
## Өлкөнүн комплекстүү диагностикасы



## Дүйнөлүк банктын стратегиясынын маани-маңызы эмнеде?

Дүйнөлүк банктын глобалдык стратегиясы төмөнкү эки максатка негизделген:

- ***жакырчылыкты жоюу: 2030-жылга карата күнүнө 1,9 АКШ долларынан азыраак акчага жашаган калктын үлүшүн 3 пайызга чейин кыскартуу;***
- ***ар бир өлкөдөгү калктын абдан жакыр 40 пайызынын реалдуу кирешелерин жогорулатуу.***

Дүйнөлүк банк өлкөлөргө ушул максаттарга жетишүүгө көмөк көрсөтөт.

## Өлкөнүн комплекстүү диагностикасы деген эмне?

Өлкөнүн комплекстүү диагностикасы – социалдык-экономикалык анализ берген отчёт. Бул анализ Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүү үчүн негизги мүмкүнчүлүктөрдү жана тоскоолдуктарды аныктайт. Отчёттун негизинде Дүйнөлүк банктын Кыргызстан менен өнөктөштүк стратегиясы иштелип чыгат.

## Дүйнөлүк банктын Кыргыз Республикасы менен өнөктөштүк стратегиясы деген эмне?

Өлкө менен өнөктөштүк стратегиясы Дүйнөлүк банк менен Кыргыз Республикасынын 2018-2021 - жылдар аралыгындагы өз ара иштешүүсүнүн приоритеттүү багыттарын аныктайт. Стратегияны иштеп чыгуу процесси Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясынын башкы багыттарына негизделет. Андан тышкары Өлкөнүн комплекстүү диагностикасынын натыйжалары, Дүйнөлүк банктын атаандаш артыкчылыктары жана калктын кеңири чөйрөсү менен жүргүзүлгөн консультациялар көңүлгө алынат.

## Комплекстүү диагностика дагы каякта өткөрүлгөн?

Өлкөнүн комплекстүү диагностикасы 50дөн ашуун өлкөдө, алардын ичинде Азербайжан, Боливия, Босния жана Герцеговина, Индонезия, Иордания, Молдова, Россия, Өзбекстанда өткөрүлгөн.

## Өнөктөштүк стратегиясын даярдоо графиги




## Консультациялар кимдер менен жүргүзүлөт?

Консультациялар бүткүл өлкөдө 2017-жылдын бирдин айы – чын куран айлары аралыгында өлкөнүн бийликтери (улуттук, региондук жана жергиликтүү деңгээлдерде), коомчулук, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр, жеке сектор, жарандык коомдор жана академиялык коомчулуктун кеңири чөйрөсүнүн катышуусу менен жүргүзүлөт. Суроолорду жана пикирлерди интернет аркылуу жөнөтсө болот: ***www.facebook.com/worldbankkyrgyzrepublic***

## Консультациялардын жыйынтыктары кандайча эске алынат?

Консультациялардын жүрүшүндө катышуучулар өлкөнү өнүктүрүү приоритеттери менен байланышкан конкреттүү маселелер боюнча пикирлерин бөлүшөрү күтүлөт. Консультациялардын жыйынтыктары «Өлкө менен өнөктөштүк стратегиясынын» акыркы версиясына кирет.

## Жыйынтык документтерине жетүү мүмкүнчүлүгү каякта?

«Өлкөнүн комплекстүү диагностикасы» жана «Өлкө менен өнөктөштүк стратегиясы» жыйынтык документтери ***www.worldbank.org.kg*** жана ***www.facebook.com/worldbankkyrgyzrepublic*** сайттарында жарыяланат.